**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**
**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

« 11 » июлу 2021-жыл.

чыг. № 32/3-__________

Кыргыз Республикасынын
ИИМдин ТКнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги
**Н.Эшимкан уулуна**

# А Т А Й Ы Н   М А А Л Ы М А Т

## (Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-092-2021-002755 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 11-июль күнү, Ош ШИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн нөөмөт бөлүмчөсүнө кабар келип түшкөн, анда Ош шаарынын Б.Осмонов көчөсүндө орун алган №50 П.Нышанов орто мектебинде №5286 шайлоо участкасынын жанында белгисиз атуул колунда шайлоочулардын тизмеси ак кагаз көтөрүп жүргөндүгүн [redacted] сандуу уюлдук телефон аркылуу [redacted] атуу кабар берген.

Бул маалымат Ош шаардык ИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн МЭЖна 02-091-2021-002755 саны менен катталган.

Окуя болгон жерге ыкчам тергөө тобу барып, сурамжылоо иштерин жүргүзгөн учурда, Ош шаарынын Анар кичи шаарчасынын [redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган [redacted] өзүнүн түшүнүгүндө, 2021-жылдын 11-июль күнү өтүп жаткан Ош шаардык кенешинин депутаттарын шайлоодо “Биздин Кыргызстан” саясий партиясынын атынан үгүттөөчү болуп иштегендигин жана шайлоо күнү Ош шаарынын Б.Осмонов көчөсүндө орун алган №50 П.Нышанов орто мектебинде №5286 шайлоо участогуна шайлоого катышууга барып, мектептин астында кезек күтүп олтуруп 3-класстын жашыл түстөн болгон “Родиноведение” китебин окуп турганын көрүп милиция кызматкерлери келгендигин билдирген. Ыкчам тергөө тобу барып алуу протоколдун негизинде, жогоруда аталган китептин ичинде жарандардын тизмеси бар А4 форматта 23 адамдын тизмеси менен кагаз алынган, ал тизме шайлоо күнүнө чейинки тизме, ал тизмени мен алган эмесмин, китептин ичинде калып кеткендигин билдирген.

Текшерүү иштеринин жыйынтыгы менен топтолгон материал 11.07.2021-жылы 16/3/2006 саны менен чыгышталып “Биздин Кыргызстан” саясий партиясынын агитатору [redacted] кыймыл аракетине Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 42-беренесинин негизинде чара көрүү үчүн Ош шаардык АШКга жиберилген.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги

**А.Раимбердиев**